DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2022

*Кулназарова К.У., Осмоналиева Ч.Ч.*

# ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУНУН ДЕМОГРАФИЯЛЫК КЫРДААЛЫ

*Кулназарова К.У., Осмоналиева Ч.Ч.*

# ДЕМОГРАФИЧЕСКАЯ СИТУАЦИЯ ИССЫК-КУЛЬСКОЙ ОБЛАСТИ

*K. Kulnazarova, Ch. Osmonalieva*

# DEMOGRAPHIC SITUATION OF THE ISSYK-KUL REGION

*УДК: 91.911.373*

*Демографиялык кырдаалды жана анын элементтерин сапаттуу баалоодо чечүүчү ролду аймактын демографиялык өнүгүүсү аныктайт. Демографиялык процесстердин кескин өзгөрүшү коом жана мамлекеттеги социалдык жана экономикалык көрсөткүчтөр менен байланышкан. Демографиялык кырдаалды мүнөздөөдө демографиялык процесстердин сан жана сапатын баалоо менен чектелбейт. Кырдаалдын өзгөрүшү жүргүзүлгөн демографиялык саясат менен байланышкан. Коомдун социалдык турмушунда анын социалдык түзүлүшү өзгөчө маанилүү орунда турат. Социалдык түзүлүш өзүнө социалдык-демографиялык, социалдык-кесиптик, социалдык-таптык, социалдык-улуттук жана башка түшүнүктөрдү камтыйт. Кыргыз Республикасындагы социалдык-экономикалык абалдын келечекте жакшыруусу менен демографиялык көрсөткүчтөр да оңолмокчу.*

***Негизги сөздөр:*** *демография, социалдык-экономикалык абал, калк, калктын курамы, табигый өсүш, фертильность, демографиялык процесстер.*

*Ключевую роль в качественной оценке демографической ситуации и ее элементов определяет демографическое развитие региона. Резкое изменение демографических процессов связано с социально-экономическими показателями в обществе и государстве. При описании демографической ситуации не ограничиваются оценкой количества и качества демографических процессов. Изменение ситуации обусловлено проводимой демографической политикой. В социальной жизни общества его социальная структура занимает особое место. Социальная структура включает в себя социально-демографические, социально-профессиональные, социально-классовые, социально-национальные и другие понятия. При дальнейшем улучшении социально-экономической ситуации в Кыргызской Республике будут улучшаться и демографические показатели.*

***Ключевые слова:*** *демография, социально-экономическое положение, население, состав населения, естественный рост, фертильность, демографические процессы.*

*The key role in the qualitative assessment of the demographic situation and its elements is determined by the demographic development of the region. A sharp change in demographic processes is associated with socio-economic indicators in society and the state. When describing the demographic situation, they are not limited to assessing the quantity and quality of demographic processes. The change in the situation is due to the ongoing demographic policy. In the social life of society, its social structure occupies a special place. The social structure includes socio-demographic, socio-professional, social-class, social-national and other concepts. With further improvement of the socio-economic situation in the Kyrgyz Republic, demographic indicators will also improve.*

***Key words:*** *demography, socio-economic situation, population, population composition, natural growth, fertility, demographic processes.*

Демографиялык процесстердин кескин өзгөрүшү коом жана мамлекеттеги социалдык жана экономикалык көрсөткүчтөр менен байланышкан. Демографиялык кырдаалды жана анын элементтерин сапаттуу баалодо чечүүчү ролду аймактын демографиялык өнүгүүсү менен аныкталат. Мисалы, калктын санын стабилдештирүү негизги максат болуп саналат. Бул максат калктын табигый жана миграциялык өсүшү нөлдү камсыз кылганда жетишет. Ал үчүн табигый өсүш миграциянын төмөн болушу, табигый жокко эсе болуп миграциялык өсүш менен компенсацияланса калктын саны стабилдешет. Өз кезегинде калктын төмөнкү табигый өсүшү төрөлүү жана өлүм житимдин айкалышы менен калктын курактык структурасынын өзгөчөлүктөрү менен түзүлөт. Демографиялык кырдаалды мүнөздөөдө демографиялык процесстердин сан жана сапатын баалоо менен чектелбейт. Кырдаалдын өзгөрүшү жүргүзүлгөн демографиялык саясат менен байланышкан. Демографиялык кырдаалды изилдөөнү шарттуу эки группага бөлсө болот.

- Биринчи эндогендик фактору өздүк калкты мүнөздөөдө анын жаш-жыныстык структурасын жана калктын кайталанып өсүшүнүн параметрлери кирет.

- Экинчи группага экзогендик тышкы фактор негизинен социалдык-экономикалык абалдын таасири кирет. Демографиялык процесстердин структурасын караганда экинчи группадагы факторго тиешелүү болуп саналат. Негизинен 1990-жылдардан башталган азыркы күнгө чейинки экономикалык кризис облуста кедейчилик проблемаларынын курчушуна алып келди. Туруксуз социалдык-экономикалык абал, жумушсуздук, аргасыз миграция, үй-бүлөлөрдүн камсыз кылынгандыгынын жалпы деңгээлинин төмөндүгү, ошондой эле алардын инфраструктурасынын начарлашы социалдык жетимдиктин өсүшүнө алып келди.

Облустагы калктын төрөлүү жана өлүм житимине 1990-жылдан берки социалдык-экономикалык кайра жаралуу жана саясий чечимдер таасирин берип келет. Демографиялык кырдаал сан жагынан мүнөздүү жана сапат жагынан баалоо менен облустун социалдык-экономикалык жактан өнүгүүсү менен калктын факторлорунун, критерийлерин көрсөтө алат. Коомдун социалдык турмушунда анын социалдык түзүлүшү өзгөчө маанилүү орунда турат. Социалдык түзүлүш өзүнө социалдык-демографиялык, социалдык-кесиптик, социалдык-таптык, социалдык-улуттук жана башка түшүнүктөрдү камтыйт. Демографиялык процесстер ар түрдүү факторлордон көз каранды. Калктын төрөлүү, өлүм житим, калктын кайталанып өсү-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



шү өтө татаал экономикалык кубулуштар жана социалдык маданий нормалар менен байланышкан. Бирок экономикалык сферанын реакциясы калктын кайталанып өсүшүнө тез арада таасирин бербейт. Өлкөнүн өнүгүү деңгээли ар кандай мезгилде ар түрдүү болот. Кыргыз Республикасы көз карансыздыкты алгандан кийин өндүрүштүн негизги тармактарынын токтоп калышы облус, республикалык жана өлкөдөн тышкары чыгып кеткен миграциялык процесстердин өсүшүнө шарт түздү.

Ысык-Көл облусунун шартында салттуу жогорку төрөлүүдөн төмөнкү табигый өсүшкө экономикалык абал, илимдин өнүгүшү боюнча өтө албайт. Ал үчүн объективдүү калктын кирешесинин деңгээли, калктын менталитети, маданиятын жана маалыматын эске алыш керек. Кыргыз Республикасындагы эң негизги ыңгайсыздык 1980-жылдары башталып азыркы күнгө чейин аяктай элек экономикалык реформанын негизинде калктын көпчүлүк саны жумушсуздардын масштабы өскөн. Мындай абал республиканын баардык облустарында, анын ичинен Ысык-Көл облусу жана райондорунда байкалган. Калктын иш менен камсыз болуу проблемасынын чечилиши Россия жана Казакстан, ошондой эле ыраакы чет өлкөлөргө негизинен эмгек миграциясы болуп саналат.

Демографиялык кырдаалга мүнөздөмө берүүдө бир канча шартты такташ керек. Ошондой эле демографиялык процесстердин кескин өзгөрүшү коом жана мамлекеттеги социалдык жана экономикалык көрсөткүчтөр менен байланышкан. Социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр калктын бардык катмарына, көбүнчө үй-бүлөлөрдүн жана балдардын абалына таасирин тийгизди, анткени жаңы экономикалык мамилелерге өтүүгө байланыштуу жарандардын ушул категориясына эсептелген көптөгөн социалдык кепилдиктер алып салынды. Биринчи кезекте бул ишке орнотуруу, акысыз орто билим берүү жана саламаттык сактоо, балдардын бош убактысына жана эс алуусуна жалпы жеткиликтүүлүк кепилдиктерди берүү болуп саналат.

Демографиялык кырдаалга калктын параметрлеринин ичинен жаш жыныстык структурасы да чоң ролду ээлейт. Облустун калкы тиешелүү демографиялык шкала аркылуу республика ичинен жаш муундардын үлүшүнүн аздыгы менен айырмаланат. Коомдун социалдык турмушунда анын социалдык түзүлүшү өзгөчө маанилүү орунда турат. Социалдык түзүлүш өзүнө социалдык-демографиялык, социалдык-кесиптик, социалдык-улуттук жана башка түшүнүктөрдү камтыйт. Мисалы: биринчи, структуралык демография-калктын курамы жана анын өзгөрүшү, төрөлүүсү, өсүүсү, өлүм-житим себептери, ден-соолугунун абалы.

Экинчиси, миграция – ички миграция, тышкы миграция, эл аралык миграция, калктын толукталыпмуундардын алмашып, алардын жаңыланышы. Демография илими башка коомдук илимдерден айырмаланып, негизинен калктын сандык мүнөздөмөсүн изилдейт. Ысык-Көл облусунун туруктуу калкынын саны 1997-2001-жылдары 411,5 миң адам болсо 2002-жылдын башына карата 417,8 адамга чейин жеткен, бирок салыштырмалуу түрдө калктын санынын өсүү темптери боюнча орточо республикалык деңгээлден (4%) артта калган. Облустун туруктуу калкынын жалпы өсүшү республика боюнча 6%га каршы 2%ды түзгөн. Ысык-Көл облусунун туруктуу калкынын саны 2021-жылдын 1-январына карата баалоо боюнча 501,9 миң адамды түзгөн. Былтыркы жылга салыштырганда облустун туруктуу калкынын саны 5,9 миң адамга же 1,2 пайызга өскөн. Калктын орточо жыштыгы орточо 1 чарчы кмге 13,6 адамды түзгөн (Көлдүн аянтын эсептебегенде).

*1-таблица*

**Ысык-Көл облусунун туруктуу шаар жана айыл калкынын саны**

| Ысык-Көл облусу | 1970 | 1979 | 1989 | 1999 | 2009 |
|---|---|---|---|---|---|
| | 311992 | 352 017 | 400 618 | 415 513 | 425116 |
| Шаар калкы | 88 721 | 105 831 | 131 586 | 127 086 | 119 587 |
| Айыл калкы | 223 271 | 246 186 | 278 032 | 288 427 | 305 529 |

Облустун калкынын 68%ти Ысык-Көл облусунун чыгыш тарабында отрукташкан бул аймактын жыштыгы боюнча 1 км$^2$ге 36-50 адам, батыш жагында км$^2$га 15-20 адамдан ашпайт. Облустун туруктуу калкынын 34,9%ы шаарларда, 65,1%ы айыл жеринде жашашат. Ысык-Көл облусунун шаар калкынын санынын кыскарышы союз ыдырагандан кийин негизинен конуштагы «Центральная» шахтасынын токтогонуна байланыштуу. Кажы-Сай, ошондой эле Ысык-Көлдөгү электротехникалык заводдун, өндүрүштүк бирикмесинин башкы ишканасы болгон электротехникалык заводунун өндүрүшү кыскарган. Ошондуктан шаар калкынын саны 3,8 миң адамга же дээрлик 2 эсеге кыскарган.

Ысык-Көл облусу улуттук курамы боюнча орустар (11,9%) жана казактар (1,7%) түзүп, этникалык топтордун арасында титулдук улуттун өкүлдөрү басымдуулук кылат (облустун калкынын 80,9%), калган улуттар 1%ти түзөт.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*1-таблица*

**Ысык-Көл облусу улуттук курамы**

| Этнос | 1989-жылдагы саны | 1999-жылдагы саны |
|---|---|---|
| Баардыгы | 403 917 | 413 149 |
| Кыргыздар | 273 257 | 328 278 |
| Орустар | 92 615 | 54 351 |
| Казактар | 6 433 | 6 979 |

Калктын табигый кыймылы аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн бир катар факторлорунан көз каранды. Облуста калктын эмиграциясынын деңгээлине карабай табигый өсүш, б.а төрөлүүнүн деңгээли жогору болгондуктан ата-эненин орду балдардын саны менен толукталууда. Облуста 2020-жылы төрөлүүнүн деңгээли 19,9 промиллени түзгөн.

Өлүмдүн жогорку көрсөткүчү 2000-жылдан баштап (8,3 промилледе) белгиленген, бул облустун калкынын социалдык-экономикалык абалынын жана жашоо шарттарынын начарлашына байланыштуу болгон. Облуста ымыркайлардын өлүмү өзгөчө жашоонун биринчи жылында көп кездешкен. Чарчап калган ымыркайлардын төрттөн бир бөлүгү шарттарга байланыштуу себептерден перинаталдык мезгилде өлүмгө дуушар болушкан. Жакыр үй-бүлөлөрдөгү аялдардын жумушу бир нече эсеге өскөн.Облуста эркектер менен аялдардын сан айырмачылыктар бар: 1000 аялга 982 эркек туура келет, мындай өсүш эркектердин өлүмүнүн жогору болушу менен түшүндүрүлөт.

Калктын жалпы санынын өлчөмүнө түздөн-түз таасир этүүчү эң маанилүү социалдык-демографиялык жана экономикалык мүнөздөмөлөрдүн арасында үч негизги куракттык топтун эмгекке жарамдуу жана улгайгандардын сан жагынан айырмасы менен мүнөздөлгөн. Облустун калкынын курактык түзүмүндө эмгекке жарамдуу жаш курактагы калктын үлүшү басымдуулук кылат (53,2%), эмгекке жарамдуулардан 36,4% жаштар, улгайгандардын саны 10,4% түзгөн. Региондордо: эмгекке жарамдуу калктын ар 1000 кишисине 880 өспүрүм туура келет. Калктын жаш жыныстык түзүлүшү негизинен, улгайган курак менен шартталып эркектердин өлүмүнүн көрсөткүчүнүн жогору болгондугуна байланыштуу (баңгилик, алкоголизм, травма ж.б.) болот. Ысык-Көл облусунда эркектердин үлүшү шаарда 47,5%ти, аялдардыкы 52,5%ти, ал эми айыл жергесинде 50,5 жана 49,5%ды түзгөн. Шаар калкынын арасынан 66 жаштан жогору жаштагы адамдардын үлүшү көбөйүүдө, бул өсүү калктын жашынын узаруусу менен байланышкан.

*1-таблица*

**Ысык-Көл облусунун жыныстык курамы**

| | 1999 | | | 2009 | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | экөө | эркек | аялдар | экөө | эркек | аял |
| Ысык-Көл облусу | 413 149 | 204 753 | 208 396 | 438 389 | 216 501 | 221 888 |
| Шаар калкы | 125 460 | 59 442 | 66 018 | 125 992 | 58 960 | 67 032 |
| Айыл калкы | 287 689 | 145 311 | 142 378 | 312 397 | 157 541 | 154 856 |

Ысык-Көл облусунун калкынын өсүшүнө ички миграция чоң таасирин тийгизет. Анткени башка аймактардан, көбүнчө Нарын облусунан калктын агылып келиши байкалууда. Сезондук миграция да маанилүү роль ойнойт. Жайында Ысык-Көлдө сууга түшүү сезону башталганда пансионаттар жана эс алуу үйлөрү көптөгөн эс алуучуларды, ошондой эле убактылуу жумушчуларды кабыл алышат. Эс алуучулардын саны көбүнчө Ысык-Көл облусунун туруктуу тургундарынын санынан ашат. Айылдан шаарларга (Каракол, Балыкчы, Чолпон-Ата) ички миграция олуттуу роль ойнойт. Акыркы жылдары шаарларга жакын жайгашкан айылдар көп сандагы ички мигранттардын отурукташкан жерине айланды. Айыл өкмөт өкүлдөрүнүн айтымында, акыркы жылдары алардын саны 500гө жакын адамды түзүп, айыл өкмөттөгү калктын 3%дан ашыгын түзгөн. Мигранттар айыл калкынын жеке турак жайы жана жери жок эң жакыр катмарынын басымдуу бөлүгүн түзөт. Алар айыл чарба, курулуш жана тейлөө тармагында күнүмдүк жумушчу болуп иштешет. Калктын ички жер которушунун башка багыттары (айыл-кыштактар, шаар-айыл) аз мааниге ээ.

Жогоруда айтылгандардын негизинде, калктын басымдуу көпчүлүгү шаарларга жумуш издеп кетишүүдө. Мындан тышкары, миграциянын себептери болуп шаарларда медициналык жана ар кандай маданий-турмуштук кызматтардын болушу, ошондой эле

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



шаар менен айыл калкынын кирешелеринин айырмачылыгы саналат.

Ысык-Көл облусунун калкынын басымдуу бөлүгү дыйканчылык менен алектенсе, бир бөлүгү соода жана балык уулоо менен алектенет. Акыркы мезгилде калктын иш менен камсыз болушунун структурасы бир топ өзгөргөн. Бул жеке сектордун өнүгүшү менен рыноктук жана аралаш экономикага өтүү менен шарттанган. Акыркы жылдарда билим берүүнүн деңгээлинде сапаттык өзгөрүүлөр болууда. Жалпы жана иш менен камсыз болгон калктын арасында жогорку жана орто атайын билими бар адамдардын салыштырма салмагы тынымсыз өсүүдө. Жогорку билим берүү тез өнүгүүдө. Мисалы, Каракол шаарында студенттерди контракттык негизде даярдаган 7 ЖОЖ, 3 орто атайын окуу жайы (педагогикалык, музыкалык, медициналык), 2 кесиптик лицей, 2 гимназия, 2 лицей, 8 орто мектеп бар. Университет, мектептерде да окуу кыргыз жана орус тилдеринде, түрк жана англис тилдеринде жүргүзүлөт. Медицина тармагында өзгөрүүлөр болгон. Поликлиникалар, ооруканалар, ошондой эле эс алуу үйлөрү, курорттор, чоңдор жана балдар үчүн санаторийлер бар.

Ысык-Көл облусунун демографиялык абалы боюнча адабий, статистикалык, фонддук материалдарды жана документтерди изилдөө төмөнкүдөй тыянактарды жасоого мүмкүндүк берет:

– калктын өсүшүнүн негизги булагы табигый өсүш болуп саналат;

– тышкы миграция негизинен калктын башка жактан агылып келиши менен шартталган аймактар, ошондой эле Ысык-Көлдө сууга түшүү мезгили башталган жай мезгилиндеги сезондук миграция;

– ички миграция – айылдан шаарга;

– Ысык-Көл облусунун батыш бөлүгү айыл чарбасы үчүн эң аз ыңгайлуу шарттары жана айылдык кедейлердин үлүшүнүн жогорулугу менен мүнөздөлөт;

– кирешенин олуттуу бөлүгүн “транзиттик” экономика камсыз кылат, анын борбору региондогу экинчи чоң шаар Балкчы шаары болуп эсептелет.

– шакекче көл жээгиндеги өрөөнүнүн борбордук бөлүгүндө жергиликтүү тургундардын кирешесинин көпчүлүк бөлүгүн камсыз кылуучу курорттук-рекреациялык чарба объектилери топтолгон.

– облустун чыгышында агроклиматтык шарттарга ылайыктуу эң жагымдуу аймактар кездешет.

*1-таблица*

**Облустун калкынын жашоо деңгээли**

| | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|
| Жакырчылыктын деңгээли (%) | 24,7 | 24,2 | 21,5 | 24,4 | 27,9 |
| Жакырчылыктын төмөнкү деңгээли(%) | **0** | **1** | **0,9** | **1,3** | **0,4** |
| Адам башына кирешенин деңгээлинин республикалык орточо катышы (%) | 106,1 | 99 | 104,7 | 100,6 | 114,4 |
| Жакырчылыктын тереңдиги (%) | 4,1 | 4,6 | 3,7 | 3,3 | 4,98 |
| Джин коэффициенти (%) | 0,406 | 0,392 | 0,378 | 0,364 | 0,344 |
| Ичүүчү таза сууга жеткиликтүүлүк (%) | 97,3 | 97 | 96 | 96,3 | 96,3 |
| Энергетикалык баалуулук (ккал) | 2266,6 | 2114,9 | 2152,2 | 2178,9 | 2185,7 |
| Белоктор (%) | 59,7 | 57,3 | 55,8 | 59,5 | 59,9 |
| Майлар (%) | 59,8 | 59,1 | 57,7 | 58,6 | 59,9 |
| Минималдуу керектөө бюджети (сом) | | | | | |
| **Баардык калк** | **4217,73** | **4423,98** | **4376,31** | **4362,51** | **4965,17** |
| Эмгекке жөндөмдүү | 4733,93 | 4964,59 | 4907,06 | 4895,84 | 5585,5 |
| Пенсия жашындагылар | 3809,36 | 3979,77 | 3927,33 | 3911,6 | 4453,99 |
| Балдарга | 3545,33 | 3723,27 | 3691,83 | 3674,66 | 4161,9 |

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Өсүү темпиндеги азайуу, белгилүү бир даражада калктын эмиграция деңгээлинии жогору экендигине байланыштуу болгон. Кыргыз Республикасындагы социалдык-экономикалык абалдын келечекте жакшыруусу менен демографиялык көрсөткүчтөр да оңолмокчу.

**Адабияттар:**


1. Алисов Н.В., Хорев Б.С. Экономическая и социальная география мира. - Москва: Изд. Гадарики, 2000.
2. Бакиров Н., Исаев А., Осмонов А. Кыргыз Республикасынын географиясы. - Бишкек: Кыргызстан, 1998.
3. Бобушев Т.С Кыргызстан в системе стран мира. - Б., 2007.
4. Бакиров Н.Б., Токомбаев Ш.Т. Географиялык терминдердин орусча кыргызча сөздүгү. - Бишкек: Илим, 1995.
5. Бобушев Т.С. Территоральная структура хозяйства и управление соверменным развитием производства. / Вестник БГУЭП. - Бишкек, 2006.
6. Бобушев Т.С., Оторбаев К.О. Экономическая, социальная и политическая география Кыргызстана. - Бишкек, 2006.
7. Гречко В.В. География населения (с основами демографии и геграфия населения Кыргызстана). / Учебное пособие. - Бишкек: Илим, 1995.
8. Денисенко М.Б. Население Кыргызстана в начале XXI века. - Бишкек, 2011.
9. Исаев А.И. Природные ресурсы Киргизии. - Фрунзе, 1965.
10. Исмаилов А.И. Влияние образования на формирования духовных ценноцтей населения высокогорья Кыргызсой Республики. - Бишкек, 1996.
11. Нарын облусунун энсклапедиясы. - Бишкек, 1998.
12. Женщины и мужчины Кыргызской Республики (сборник гендерно-разделенной статистики). - Бишкек 2007.
13. Кыргыз Республикасынын статистика жылдыгы. Нацстатком. - Бишкек, 2010.
14. Кудабаев З.И. Экономическое развитие Кыргызской Республики. - Бишкек, 2001.
15. Концепция модернизации социально-экономического развития Кыргызской Республики на период до 2015 года. - Бишкек, 2008.
16. .Кыргызстан. / Энциклопедия. - Бишкек, 2001.
17. Койчиев Т.К. Кыргыз Республикасынын экономикасы. - Бишкек, 2007.
18. Кудабаев З., Гийо М., Денисенко М. География населения. - Бишкек, 2004.
19. Мусакожоев Ш.М. Стратегия инновационной модернизации экономического развития Кыргызской Республики на период до 2020 года. - Бишкек, 2008.
20. Мусакожоев Ш.М., Кудабаев З.И., Бубнов В.Г., Ромашова Р.Э. Характерные тенденции в промышленном секторе экономики переходного периода. / Экономический вестник. - Бишкек, 2000.
21. Оторбаев К.О. Проблемы размещения производственных комплексов. - Фрунзе: Кыргызстан, 1974.